DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2023

*Сакиев Э.*

# ЖЕКЕ, ЖАМААТТЫК ЖАНА КООМДУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУ АЙКАЛЫШЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШТҮН БУЛАГЫ КАТАРЫ

*Сакиев Э.*

# ЭФФЕКТИВНОЕ СОЧЕТАНИЕ ЧАСТНЫХ, КОЛЛЕКТИВНЫХ И ОБЩЕСТВЕННЫХ ИНТЕРЕСОВ КАК ИСТОЧНИК ЭКОНОМИЧЕСКОГО РОСТА

*E. Sakiev*

# AN EFFECTIVE COMBINATION OF PRIVATE, COLLECTIVE AND PUBLIC INTERESTS AS A SOURCE OF ECONOMIC GROWTH

*УДК: 330.322.12.*

*Улуттук, аймактык, кичи экономиканы өстүрүүнүн булагы – бул кызыкчылыктарды натыйжалуу айкалыштыруу. Ар бир жаран, ишкер, чиновник өздөрүн такай тарбиялоого милдеттүү. Алар, өздүк кызыкчылыкты эле ойлобой, жамааттын да, мамлекеттин да кызыкчылыктары менен эсептешүүсү керек. Элдин байлыгы өсүп турган аймакта, саламаттыкты сактоочу, дене тарбия спорт сыяктуу, маданиятты жогорулаткан жайлардын салынышы, алардын сапаттуулугу бул турган иш экенин эске алып коёлу. Акырындап, жакшы жолдорду пайдалануу, жол салыгы менен коштолсо, мамлекеттин да капчыгына акча түшүп тураарын эске салышыбыз керек, ошол эле учурда ушул нерселер менен элдин жасоосун онолушуна да салыымын кошот. Өлкөбүздө жашаган жалпы элибиздин жашоо шарты жакшыруунун багытында азыркы тапта жакшы жака өзгөрүп барып, көп деле катасы болбойт. Айрыкча өзүбүздө өндүрүлгөн электр энергиясын пайдалануу өлкөбүздүн карамагында болушу чоң жетишкендик.*

***Негизги сөздөр:*** *жеке, жааматтык, коомдук кызыкчылыктар, өзүмчүлдүк, натыйжалуу айкалыштыруу, мыйзам, улуттук экономика.*

*Одним из источников развития национальной, региональной, муниципальной, частной экономики является эффективное сочетание всех экономических интересов. Каждый гражданин и предприниматель, чиновник обязан воспитывать себя к этому, что развитие человечество приводит к развитию экономики в целом. Они должны считаться кроме личных интересов, интересами коллектива, государства. Примем во внимание, что в регионе, где растет благосостояние народа, строительство объектов, повышающих культуру, таких как здравоохранение, физкультура и спорт, и их качество является сложной задачей. Надо помнить, что постепенно, если пользование хорошими дорогами будет сопровождаться дорожным налогом, деньги будут попадать в кошелек государства, и в то же время это будет способствовать удовлетворению людей этими вещами. Условия жизни всех людей, живущих в нашей стране, меняются к лучшему, и ошибок не будет. То, что в распоряжении нашей страны имеется возможность использования электроэнергии отечественного производства, является большим достижением.*

***Ключевые слова:*** *частные коллективные, общественные интересы, все для себя, рациональные сочетание всех интересов, закон, национальная экономика.*

*One of the sources of development of the national, regional, municipal, and private economy is the effective combination of all economic interests. Every citizen, entrepreneur, and official is obliged to educate himself for this. They must be considered, in addition to personal interests, as the interests of the collective and the state. Let's take into account that in the region where the people's wealth is growing, the construction of facilities that increase the culture, such as health care, physical education, sports, and their quality, is a difficult task. We should remember that gradually, if the use of good roads is accompanied by a road tax, money will fall into the state's wallet, and at the same time, it will contribute to the satisfaction of the people with these things. The living conditions of all people living in our country are changing for the better, and there will be no mistakes. It is a great achievement that the use of domestically produced electricity is at the disposal of our country*

***Key words:*** *private collective, public interests, everything for oneself, rational combination of all interests, law, national economy.*

Кыргызстандын экономикасынын үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө түрткү берүүчү шарттардын бар экендигин, көпчүлүккө белгилүү болсо да, дагы бир жолу учкай эскерте кетүүнү туура көрдүк.

Биринчиден, жерибиздеги табигый булактар: алтын, көмүр баштаган толгон-токой кендер.

Экинчиден, суунун жетиштүүлүгү эле эмес анын жаратылышынан көптүгү.

Үчүнчүдөн, айыл чарбасы үчүн шарттардын бары. Жерди иштетсе дагы, мал чарбасын уюштурса дагы, ар бир аймактарда жетиштүү мүмкүнчүлүктөр бар.

Төртүнчүдөн, жерибиздин кандай гана булуң-бурчтары болбосун ажайып көрктүү, кооздугу менен туристерди өзүнө тарткан табияты.

Кыскача айтканда экономикабызды, азыркы кездеги укмуш деген өлкөлөрдөн калышпай өстүрсө болот. Ал үчүн элибиздеги түптөлүп калган, алигиче андан арыла албай келаткан бирден-бир чоң көйгөй «өзүмчүлдүктөн» кутулушубуз зарыл. Майда ишти да, чоң ишти да адам баштайт, адам бүтүрөт.

Негизинен алганда, ар бир адам өзүнүн жашоосунда өздүк, жамааттык, коомдук кызыгуучулуктун алкактарына туш болот.

Экономиканын теориясында алар өздүк, жамааттык, коомдук экономикалык кызыгуучулуктар деген

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



түшүнүктөргө ээ. Рынок системасында адам кандай гана тармакта иштебесин «өздүк-жеке» кызыгуучулук башкы ролду ойнойт деген пикир, тээ рынок системасын түптөгөн А.Смиттин (табиятты изилдөө жана эл байлыктарынын себептери) чыгармасынан баштап бүгүнкү күндүн окумуштууларын камтып, калыптанып калды.

Бул пикир теорияда эле эмес, адамдын жашоосунда, ишинде да желкелеп турган бир белгисиз күчкө айланды. Ушул жерде, кантип «өздүк» умтулууну, «жамааттык», андан жогоркусу «коомдук» кызыкчылыктар менен айкалыштырса болот деген эң татаал көйгөйлүү суроо туулат.

Бул көйгөйдөн тап-такыр эле арылып калыш мүмкүн эмес. Адам коому канчага созулса (жараткан түбөлүктүү кылсын), бул көйгөй да ошончо кала берет.

Ушул жогоруда сөз болгон кызыкчылыктардын ажырымын кыскартып, мүмкүн болушунча бирине-бирин жакындата турган жолдорду изилдеп, алар табылса, өндүрүштө болобу, ал эмес адамдардын жашоосунда дагы ал ыкмаларды пайдалануу туура болоорун баса айтуу абзел.

Учурдагы өсүп-өнүккөн мамлекеттерде мыйзамды бузуу бул чоң күнөө. Муну ал өлкөлөрдүн жарандары толугу менен түшүнүшөт. Коомдук эрежелерди сактоого алар милдеттүү жана аракет кылышат. Ушундай жагдай аларда бат эле жаралып калган жок. Нечендеген жылдар, кылымдар жумшалды. Ошондо да, аларда деле тартип бузуулар, пикир келишпестиктер кайталанып турат. Антсе да, жеке кызыкчылыктар менен коомдук мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын иштөөсүн көзөмөлдөө зарыл иш.

Адамдардын «өздүк-жеке» экономикалык кызыкчыкчылыктары, рынок системасында негизинен экономикалык мыйзамдардын (А. Смиттин «көрүнбөгөн кол») жүрүшү менен ишке ашырылат. Ошол эле убакта адамдардын коомдук кызыкчылыктарын «өздүк» кызыкчылыктар менен байланыштыруу өлкөнүн башкы мыйзамынан баштап, бардык тармактардын, уюмдардын, ишканалардын жоболору, ички мыйзамдары аркылуу ишке ашырылат.

Биздин өлкөбүздө «Жогорку Кеңеш», «Айылдык», «Аймактык кеңеш» кабыл алышкан мыйзамдарга, бардык жарандарыбыздын баш ийүүсү алигиче көйгөйлөрдү жаратккан нерсе катары уланууда. Мыйзамды угуу аны ички дүйнө менен кабыл алуу, аны бузбоо кээ бир жарандар үчүн кыйын кубулуш бойдон калып жатат.

Бул дагы тээ илгертен жогоруда биз учкай сөз кылган «өз», «өзүм», «өзүбүз» деген түшүнүктөрдүн каныбызга сиңип калганынын залалдары, таасирлери.

Алакандай кыргыз элин, нечендеген аймактарга, урууларга бөлүшүп, саясий упайларды топтошуп депутат, же чиновник болом дегендердин саны ушул күндөрү да көп санда экенин эскертип кетүүгө аргасыз болобуз. Жараткан келечегибизди кең кылса, бизде да улут үчүн, улуттун кызыкчылыгы үчүн деген ураанылбыз ишке ашып, ар бир жаранынбыздын жеке кызыкчылыгы коомдун, жамааттын кызыкчылыктары менен айкалышып калаар күн да келет. Буга убакыт керек.

Ушул күнгө чейинки, ушул күндөрү жазалып жаткан өлкөбүздөгү иштер күбө боло алат. Мисал катары «Түндүк менен түштүктү бириктирген азырынча толугу менен бүтө элек жаңы жол. Элибизде алыскы туугандан жакынкы кошуна артык» деген макалыбыз бар.

Түндүк менен түштүктү бөлүп турган тоолорду тешишип, Көкөмерен суусун бойлогон жол, мурунку Төө-ашуу жолунан 200 кмге кыска болгону, ал эле эмес бүтүндөй Нарын аймагы, анын ичинен Тогуз-Торо, Жумгал районунун жашоочулары мурункудай алыс жолдо кыйналышпай, тез аранын ичинде Жалал-Абадка, ал жактан жарандар Бишкекке чейин келгендерине абдан жакшы шарттар түзүлүп калды. Жумгалдыктар азыр эле Тогуз-торого жыргап барып, жыргап келип атабыз дешип атат.

Жакшы жол келим-кетимди көбөйтсө, аймактардын элинин карым-катышы бири-бирине өтүшүп, ушул кезге чейин созулган элдер арасындагы ажырымдын азайышына өбөлгө түзүлөт дегенге толук ишенич бар.

Бул деген аймактар арасындагы «өзүбүз» деген түшүнүктүн акырындап жоголушуна алып келишине шарт түзүүнүн жолдорунун бири. Мурда тез-тез катыша албаган аймактын элдери, азыркы шартта бири-бирин чукулдан билишип, сый-урмат менен мамиле кылышып, чыгаан билимдүү балдарын, кыздарын таанышып, чоң кызматтарга, депутаттык орундарга «жердешчилик» деген оорудан алысташып, туура тандоо жүргүзүп калышаарына ишенич жаралат. Бул деген бир эле жагы.

Экономикалык жактарын санасак толгон-токой натыйжалуу ийгиликтерди жараткан иштерге күбө болобуз. Кээ бирлерин көз алдыдан өткөрүп көрөлүчү.

Биринчиден, күйүүчү-майлоочу майларга, техникалардын физикалык жактан жешилүүнү калыбына келтирген чыгымдардын азайышы, мамлекетке дагы, техниканын жеке менчик ээлерине дагы чоң каржылык жардам.

Экинчиден, Жалал-Абад менен Тогуз-Торонун ортосунда жол боюнча канча деген социалдык-ишкердик багыттары менен курулуштар ишке кирет.

Үчүнчүдөн, Тогуз-Торо менен Жумгалды бойлоп, Кочкорго чейин көп сандагы, биз жогоруда айткандай ишкердик социалдык түйүндөр курулуп, алар иштей баштайт. Өзгөчө, Тогуз-Торо менен Жумгалдын ичинде иштей турган түйүндөр көптөгөн көйгөлөрдү чечип, элдин жашоо деңгээлин жогорулатат

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



деген пикир – бул реалдуу нерсе. Апыртып айтканда, ар бир үй-бүлөө ишкердик менен алектенип калат. Бул деген жумушсуздукту чечүү, пайда алуу.

Төртүнчүдөн, ар тармактуу ишкердик ишти жакшы камсыздаш үчүн, ар кандай кесипкөйлүктү талап кылат да, жаштардын билим алуусун кошумча шарттайт.

Жогорку чыңалуудагы Датка-Кемин электр чубалгысы тартылып, анын ишке киришкенинен бери Кыргызстан саясий дагы жана ички көйгөйлөрдүн бир тобунан арылды десек жаңылышпайбыз. Буга кошумча, азыркы кезде курулуп жаткан чакан ГЭСтердин үлүшү, алардын улуттук экономикага кошчу салымдарынын мааниси өтө жогору. Келечекте курулуп бүтөт деген, дагы бир кубаттуу Камбар-Ата 1 ГЭСи кезекте турат.

Өлкөбүздө, убагы келгенде энергияга болгон коопсуздук толук чечилип калса, анда экономикалык да, анын ичинен тамак-аш коопсуздугун да чечүүгө мүмкүн болгон жакшы шарттар түзүлөт. Дегеле, ар бир ишкер болобу, же электр тогун пайдаланган карапайым жаран болобу, энергия үзгүлтүксүз берилип турса (жетиштүү өлчөмдө), алар өздөрүнүн эле кызыкчылыгын ойлобой, коомдук деңгээлде да ой-жүгүртүүгө жетеленип калышат. Бул деген биз сөз кылган ар кандай кызыкчылктардын байланышуусунун белгилери.

Министирлер кабинетинин жарлыгы боюнча, быйыл Кыргызстандын бюджети 600 млрд. сомду түзөт экен. Бул деген өлкөбүздүн азыркы учурдагы эң жакшы көрсөткүчү. Өлкө башчыларынын элибиздин жашоо-тиричилиги жакшырса экен деген далалаты, иш жүзүндө көрүнүп калды.

Алып айтсак: пенсионерлердин ай сайын алчу акчалары олуттуу өлчөмгө көбөйдү. Эгерде, өлкөбүздүн бюджети тартыш болгондо ушунчалык кескин жогорулабайт эле. Муну баарыбыз (пенсионерлер) түшүнүп турабыз. Экономикабыздын жалпы абалы өсүп баратат деп түшүнүүбүз зарыл. Пенсионерлердин баарысы өлкө башчыларын алкап, рахмат деп турган кези.

Коомдун, мамлекетибиздин кызыкчлыктары ишке ашып турганы, ар бир жаранызбыздын «өздүк» кызыкчылыктарын да жандандыраарын эстеп коёлу. Пенсия жашындагы иштеп жүрүшкөн адамдар үчүн, бул олуттуу шыктандыра турган чара.

Жалпысынан айтканда, пенсия эле эмес, иштеген жарандарыбыздын эмгек акылары жогорулап турса, иштеген иштеринин натыйжалуулугу артат деген корутунду, баарыбызга белгилүү теория.

Бул теория сөзсүз айтылган багытта иштейт дегенден алыспыз. Кандай гана иш болбосун, анын натыйжалуулугуна тыкыр көзөмөл керек. Эмгек акы «өздүк», «жеке» кызыкчылыктын шыктандыруучусу болсо, «көзөмөл», жамааттык, коомдук кызыкчылыктардын ишке ашыруучу тетиги (инструменти).

Жакындан бери, муниципалдык менчик болгон троллейбус, автобустун айдоочуларынын маянасын 50 миң сомго көтөрүштү. Бул эң туура чечим экенин баарыбыз билебиз. Жумуш убактысы бүтмөйүнчө (8 саат чамасында), бир миллиондон ашкан калкы бар, бирок жарым миллионго жетип калган ар түрлүү автоунаалар чуркаган шаарыбызда, жарандарды ташуу бул кылганга эле эмес, айтканга да оор иш.

Эмне демекчибиз, көбөйтүлгөн айлык аларга, үй-бүлөлөрүнө береке алып келсин. Алардан «өздүк», «жеке» кызыкчылыктары ишке ашты дейли. Бул бир жактуу корутунду. Мунун башка жактары да бар.

Коомдук деп атасак деле туура болмок. Бирок тагыраак айтканда, ошол муниципалдык менчик болгон шаарыбыздагы автобус, троллейбустун айдоочулары аларга өз менчигиндей, буюмундай карашабы? Бул суроого бир жактуу жооп бериш туура болбой калат. Шаарыбыздагы ар бир айдоочу ошол машинанын аркасында, башка тармактар менен салыштырмалуу орто эсеп менен чоң айлыкты алып жатышканын бөркүндөй түшүнүүлөрү керек.

Машинасынын тетиктери өздөрүнүн техникалык мөөнөтүнөн мурда жешилип, бүлүнүп калбагыдай кылып иштөөлөрү зарыл. Машиналарга мүмкүн болушунча аяр мамиле жазаштары өтө зарыл нерсе. Тез-тез эле жаңы тетиктерди алмаштырып, же машинаны жаңыртып туруу, эбегейсиз чыгымдарга алып келээрин эстеринен чыгарбоосу абзел. Өзүнүн жеке кызыкчылыктары «Мериянын» кызыкчылыгы менен айкалышып турушу керек. Ошондо гана алдыга жылыштар болот.

Коомдук жана жеке менчиктердеги элди ташуучу транспортторго, жүргүнчүлөр үчүн коюла турган акынын (цена проезда) 20-25 сомго чейин көтөрүлө турганын, бүткүл баскычтарда, Жогорку Кеңешке чейин талкуулап жатышат. Бул өтө эле талуу суроо болуп калды. Муну ишке ашырууда сөзсүз карама-каршы пикирлер жаралат.

Биринчиден, азыркы учурда транспортторду пайдалануу арзан болбой калды. Баардыгы кымбаттап жаткан кез: күйүүчү майдан тартып машинанын тетиктерине чейин, ремонт жумуштары ж.б.у.с. Жеке менчиктеги машиналардын чыгымдарын, ээлери өздөрү көтөрөт дечи. Эми, бул муниципалдык менчиктердин машиналарынын чыгымын кантип, кимдер жабышы керек. Кыйынчылык туулуп калса, балким мамлекет бюджеттен (дотация түрүндө) кандайдыр бир бөлүгүн каржылап калаар. Болбосо, жогорудагы айдоочулардын көбөйтүлгөн айлыктарынан тартып, машиналардын линияларга толук кандуу чыгып турууларын камсыз кылуу мериянын эле иши.

Андыктан Мериянын капчыгына акча каражат түшүп турушу керек. Ал акча каражаттын орчундуу булагы – бул биз керектөөчүлөр, жүргүнчүлөр. Элибизде «ары карап ыйлап, бери карап күлүп» деген

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ылакаптын өзү болуп турат.

«Ары карап ыйлап» - деген, кээ бир үй-бүлөлөрдүн мектеп курагындагы балдарынын көптүгү. Алардын жашоосу кандай болот. Бирөөнүн 5 баласы мектепке барат дейли. Бирөөнө бир жолу барып келгениме 50 сом кетсе, бешөөнүкү 250 сом. Бир айда 25 күн окушса 6250сом. Бул көп балалуу үй-бүлөлөр үчүн аз сумма эмес. Мындай абалдан чыгуунун бир эле жолу болушу мүмкүн, андай үй-бүлөлөр үчүн кошумча жөлөк пул. Буга барыш керек. Ошондо гана «өздүк» кызыкчылык менен «коомдук» кызыкчылыктардын ортосунда адам тагдырына аяр караган көпүрө салынды десек болот.

Жогоруда аталган тема менен толуп жаткан иштер байланышкан десек жаңылыштык болбойт. Алар мамлекеттик, аймактык, айылдык деңгээлдерде кайталанып, жаңыланып турчу иш-аракеттер.

Менин айтайын дегеним, кийинки убактарда ата мекендик изилдөөчүлөргө коюлган жаңы эрежелердин пайда болуп жатышы мени өтө өкүндүрөт. Улуттук экономика болобу, же, аймактык, тармактык экономика болобу аспирант илимий изилдөө иштерин кыргыз тилинде жүргүзүп, темасы боюнча кыргызча макалаларды чыгарса бул туурабы?

Мамлекеттик тилде жазылса туура да. Кандай себептен диссертациясын коргоо үчүн, башка мамлекеттин элинин тилинде дагы макала жазып, анын акчасын төлөп чыгарышы керек? Биз улутпузбу, же кимбиз.

Чет тилди жакшы билишкен балдар, кыздарыбыз илимий иштерин (эгер өздөрү каалаcа) башка мамлекеттин окурмандарына белгилүү журналдарбы же, башкасыбы чыгарышса, бул чоң жетишкендик. Биздин улуттук экономикабыздын абалын жакындан билип турушса, макалалардын мазмундары жогору болсо, ким жаман десин.

Макала мазмуну боюнча супсак болсо да, аны чет тилде котортуп (акчасына) жарык көрсө андан кийин гана уруксаат алганына кандай десек, айтууга ооз барбайт.

Мындай эреже, улуттук экономикабыздын белгилүү бир тармагын изилдеген балдарыбыздын «жеке» кызыкчылыгына балта чапкандык десек, катуу болбойт.

Макаланын аягында корутунду түрүндө айтаарыбыз, экономикабыз күч алып тездик менен өнүгүүсүнө «өздүк», «коомдук» кызыгуучылыктарды натыйжалуу айкалыштыруу чоң түрткү берет.

**Адабияттар:**

1. Смит А. «Исследование о природе и причинах богатства народов» 1 книга. - М., 1962.
2. Курс экономической теории. Учебник под общей редакцией Чепурина М.Н., Киселевой Е.А. - К., «АСА». 2012.
3. Кыргызстан боюнча маалымат булактары (статистика, интернет ж.б. 2022-2023 жж.).